**Кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикменин 2021-2022 окуу жылындагы кеңешмесинин отуруму**

**№1 протоколу**

**№ 45 ЖОББМби** **02.09.2021**

**Катышкандар:**
1.Балтабаева Н.Т.
2.Асанова Г.К.
3.Мойдунова Ч.К.
4.Сардарбекова Ж.С.
5.Шаменова Д.А.
6.Мамбеталиева Н.Р.
7.Рооева Н.
8.Алтынбек кызы С.
9.Абдизаит уулу Ж.

**Күн тартиби:**

1. Өткөн окуу жылына анализ берүү.
2. Календардык пландарды даярдоо.
3. Усулдук бирикменин иш планын даярдоо, бекитүү
4. Жаңы чыккан 7-8-класстардын китептерин талкуууга салуу

**Угулду:**

1. Биринчи маселе боюнча усулдук бирикменин жетекчиси Асанова Г.К. өткөн окуу жылына анализ берүү менен баштады. Өткөн жылы окуу процеси өлкөбүздөгү пандемия мезгилинде аралыктан окутуу(онлайн) түрүндө ар бир мугалим өзгөчө иш алып барууга туура келди. Мугалимдер 23- сентябрь тил күнүнө карата ар бир мугалим аралыктан окутуу(онлайн) түрүндө ачык сабактарды өткөрүшкөндүгү тууралуу сөз кылып кетти. Ошондой эле 1-класстар үчүн салттуу түрдө Асанова Г.К. “23-сентябрь мамлекеттик тил күнү” деген темада ачык сабак көргөзгөнүн айтып берди. Жалпы класс жетекчилер жана предметтик мугалимдер да аралыкта окутуу(онлайн) түрүндө окуучулар менен класстык сааттарды өтүшкөнүн айтып, мугалимдерди мактап кетти. Ошондой эле 2020-2021-окуу жылында өткөрүлгөн жалпы иш чаралар тууралуу өз оюн айтып, мугалимдерге ыраазычылыгын билдире кетти.

2. Экинчи маселе боюнча мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары Балтабаева Назира Туратбековна календардык пландарды карап чыгып, окуу процесси 15-сентябрдан башталып жаткандыгына байланыштуу ар бир мугалим берген класстарынын календардык -тематикалык планыдарын чейректерге бөлүп кайра карап чыгып, тезинен бекиттирүүсүн айтты.

3. Усулдук бирикменин жетекчиси Асанова Г.К. 2020 -2021 окуу жылынын усулдук бирикмесинин иш планы менен мугалимдерди тааныштырды.

4. Балтабаева Н.Т. 7-класстын окуу китеби жаңы чыккандыгын жана азыркы убакта китеп мектеп китепканасына келе электин, сатыкта болуп аткандыгы, ал эми 8-класстын окуу китеби электрондук вариантта болуп аткандыгы жөнүндө айтты. . 7-8-класстарына сабак берген мугалимдери календардык пландарды жаңыртууну айтып, китеп сатып алуусун сунуштады. Бирок, мугалимдер тарабынан биздин мектептеги китепкана 7-8 класстардын кыргыз тили китептери менен камсыз болбогондуктан, ата-энелер тарабынан

пандемиянын кесепетинен  акчалары жок кыйналып жаткандыгына байланыштуу эски китепти колдонуу сунушу түшкөнүн айтып кетти.

**Чечим:**

1. 2020-2021 окуу жылындагы усулдук бирикменин иши канаатандырарлык деп табылсын.
2. Бардык класстардын календардык пландары кайрадан иштеп чыгарып, бекиттирилсин.
3. Кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин 2020-2021 окуу жылынын иш планы бекиттирилсин.
4. 7-8 класстардын окуу китеби биздин китепкана камсыздалбагандыктан, календардык планды эски китеп менен түзүлсүн жана бул окуу жылында эски китептер менен окутулсун деген чечим кабыл алынсын.

Усулдук бирикменин жетекчиси — Асанова Г.К.
Катчы — Мамбеталиева Н.Р.

**Кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин 2021-2022 окуу жылындагы ноябрь айынын кеңешмесинин отуруму**

**№2 протоколу**

**№ 45 ЖОББМби** **09.11.2020**

**Катышкандар:**

1.Балтабаева Н.Т.
2.Асанова Г.К.
3.Мойдунова Ч.К.
4.Сардарбекова Ж.
5.Шаменова Д.А.
6.Мамбеталиева Н.Р.
7.Рооева Н.
8.Алтынбек кызы С.
9.Абдизаит уулу Ж.

**Күн тартибинде:**

1. 5-11-класстардын билим деңгээлин аныктоо максатында текшерүү иштеринин жыйынтыгы.
2. 23-сентябрь"Мамлекеттик тил" күнүнө карата иш-чаралардын жыйынтыгы.
3. Кыргыз тили жана адабият мугаимдеринин өз ара сабактарына кирүүсү, аларга анализ берүү.

**Угулду:**

1.Биринчи маселе боюнча мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары Балтабаева Назира Туратбековна тарабынан 5-11-класстардын билим деңгээлин текшерүү максатында алынган жат жазуу иштери өлкөдөгү кырдаалга байланыштуу, окуучулар аралыктан окуткандыктан окуучулардын билим сапаты кескин төмөндөп, кол жазмалары да начарлап кеткен. Окуучулар 1,5 жылдан берки аралыктан окутуудан кийин мектепке келишип кайрадан адаптациядан өтүп жатышат.5-11 класстарына сабак берген мугалимдер сабак өтүүдө чыгармачылык менен иштеп, окуучуларды сабакка кызыктырууга аракет кылгыла. Начар баа алган окуучулар менен кошумча иш жүргүзүп, билим сапатын жогорулатканга аракет кылгыла.

2. Экинчи маселе боюнча усулдук бирикменин жетекчиси Асанова Г.К. 23-сентябрь "Мамлекеттик тил" күнүнө карата план түзүлүп, бекиттирилди. Түзүлгөн пландын негизинде кыргыз тили жана адабияты мугалимдер иш чараларын өтүштү. 11-А класстын окуучусу Жамынчиева С. Райондук " Тил жолголбойт, жоголсо, жоголот дил!" райондук дилбаян боюнча кароо-сынакка катышты. Орунга жетишкен жок. Адабият сабактарында окуучулар тил жөнүндө ырлардан көркөм окушту. Кыргыз тили жана кыргыз адабияты мугалими Рооева Н.Ж. 5-класстар менен " Улут болсом ,тилим менен улутмун" деген темада иш-чара өттү. Ошондой эле ар бир класс жетекчи класстык саатарды өтүштү.

3. Үчүнчү маселе боюнча мамлекеттик тил мугалими Мойдунова Чынара Кубанычбековна жаш адистерге кирген сабактарына анализ берди. Сардарбекова Ж.жаш мугалим Абдизаит уулу Жусуптун сабагына катыштым. Сабакты изденип, чыгармачылык менен өткөнгө аракет кылат.

**Чечим:**

1. 5-11-класстардынан билим деңгээлин текшерүү жат жазуулардын жыйынтыгы боюнча тилчи мугалимдер чыгармачылык менен сабак өтүп, алгылыктуу иш алып барышсын. Начар баа жана кол жазмасы начар окуучулар менен кошумча иш алынып барылсын.
2. 23-сентябрь “Мамлекеттик тил”күнүнө карата өткөрүлгөн иш- чаранын жыйынтыгы канааттандырарлык деп табылсын. Өткөн иш- чаралардын сценарийи,класстык саатардын иштелмелери өткөрүлсүн.
3. Жаш мугалимдер тажрыйбалуу мугалимдердин сабактарына системалуу катышып, сабак берүү чеберчилигин жогорулатышсын.

Усулдук бирикменин жетекчиси Асанова Г.К.

Катчы Мамбеталиева Н.Р.

**«Мамлекеттик тил» усулдук бирикменин 2021-2022 окуу жылында**

**өткөрүлгөн ноябрь айынын кеңешмесинин**

**№3 токтому**

**Катышуучулар:**

1.Балтабаева Н.Т.
2.Асанова Г.К.
3.Мойдунова Ч.К.
4.Сардарбекова Ж.С.
5.Шаменова Д.А.
6.Мамбеталиева Н.Р.
7.Рооева Н.
8.Алтынбек кызы С.
9.Абдизаит уулу Ж.

**Күн тартибинде:**

1. Начар окуган окуучулар менен иш алып баруу.
2. Окуучулардын предметтик олимпиадага тандоо жана даярдоо.
3. Мектеп ичиндеги олимпиадаларга даярдык көрүү.
4. Райондук олимпиадаларга даярдоо жана катышуу.
5. 6-класстардан кыргыз тилинен билим сапатын текшерүү.
6. 8-класстардын кыргыз тили жана адабият сабактарына катышуу.
7. Кыргыз тилчи адабиятчы, тарых мугалимдеринин декадасын пландоо.
8. Окуу программасынын аткарылышын көзөмөлгө алуу.
9. 5-класстардын билим деңгээлин текшерүү.
10. 9-11-класстардын билим деңгээлин текшерүү.

1. Бул суроо боюнча мугалимдер ар бир класстардагы жетишпеген окуучулар менен иш алып барууну усулдук бирикменин жетекчиси Асанова Г.К. айтып кетти.
2. Кыргыз тил жана адабият сабагы боюнча мыкты окуучуларды тандап алып, аларга предметтик мугалимдер менен биргеликте олимпиадага даярданып келүүсүнө сунуштар айтылды.
3. Жалпы мектеп ичинде олимпиаданы өткөрүүдө мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары Балтабаева Н.Т. олимпиадага суроолорду даярдап, кабинеттерди ирээтке келтирүү ишин бардык мугалимдер дайындоосун өтүндү.
4. Райондук олимпиадага бара турган окуучулар менен предметтик мугалим тарабынан даярдык көрүүсүн усулдук бирикменин жетекчиси Асанова Г.К. айттып өттү.
5. Ал эми 6-класстан билим сапатын текшерүү иши ошол класстарга сабак берген предметтик мугалимдер тарабынан жат жазуу иши алынат.
6. Мында кыргыз тилчи мугалимдер 8-класстардын кыргыз тили жана адабият сабагына катышып, окуучулардын сүйлөө речи кандай өнүгүп жаткандыгын билүү керек экендигин сунушташды.
7. Декабрь айы кыргыз тилчи жана тарых мугалимдеринин декадага карата ачык сабактарынын темаларын жазып, сабактарды даярдап берүүсүн усулдук бирикменин жетекчиси Асанова Г.К. өтүндү.

8. Ошондой эле окуу программасынын аткарылышын көзөмөлгө алуу тууралуу мамлекттик тил боюнча директордун орун басары Балтабаева Назира Туратбековна айтып өттү.
9. 5-класстардын билим деңгээлин текшерүү тапшырмасы да ушул айга тапшырылды.
10. 9-11-класстар арасынан да окуучулардын билим сапатын алуу боюнча да Балтабаева Н.Т. айтып кетти.

**Чечим:**

1. Чейрек боюнча"2"алган окуучулар менен иш алып баруу ар бир кыргыз тилчи мугалимине тапшырылды. Мектеп ичинде өтө турган олимпиадаларга даярдык көрүлүп, тапшырмалар даярдалсын.Райондук олимпиадага катыша турган окуучулар менен даярдык көрүлсүн.
2. 6- класстардан билим деңгээлин текшерүү үчүн текст жана тапшырмалар даярдалсын. 8-класстардык сабактарына кирип, окуучулардын кыргыз тили кандай өздөштүрүп жаткандыгы текшерилсин.
3. Декабрь айында Манас күнүнө жана улуу жазуучубуз Ч.Айтматовдун туулган күнүнө карата иш чараларды өткөрүү менен бирге декадага темалары берилсин.
4. 5-класстар арасында да билим деңгээли текшерилип, жазуу иштеринин иштелмелери тапшырылсын. Ошону менен бирге 9-11-класстар ичинде да билим сапатын текшерүү үчүн жазуу иштери алынсын.

Усулдук бирикменин жетекчиси: Асанова Г.К.
Катчы: Мамбеталиева Н.Р.